С.Исмаилов атындагы орто мектеби

# Кыздар кенеши

**Тема:** Эрте турмуш куруу эмнеге алып келет?

Кыздар кеңешинин төрайымы: Жолдошбекова Айзирек

Соц.педагог: ____________ Токтосейитова Ч.

# Эрте нике куруу эне жана бала үчүн зыян

Кыргызстанда эрте турмушка чыгуунун саны өсүп, соңку жылдары эрте төрөттөр көбөйдү. Булар үй-бүлөдөгү чыр-чатакка, зомбулукка, ажырашууга алып келет дешет адистер.Жашы жетелектерден тарта он сегиз, он тогуз жашта турмушка чыгуу эрте деп эсептелет. Бул курактагылардан төрөлгөн балдардын санына жараша эрте турмуш куруу көбөйгөнүн билебиз. Бул Кыргызстан үчүн чоң маселелердин бири.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 155-1 беренесине ылайык 18 жашка чейинки нике-кылмыш болуп саналат.Бул багытта Бишкекте жашы жете элек жарандардын никеге тыюу салуу жөнүндө мыйзамынын ишке ашырууну камсыз кылуу максатында ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн. Жумушчу топ эрте никеге турууну алдын алуу жана болтурбоо маселеси боюнча министрликтер жана мекемелердин ченемдик укуктук актыларын даярдоону пландаштырууда.

Эрте никеге турууну алдын алуу маселеси боюнча жумушчу топко кирген Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги өлкөдө 18 жашка чейин нике турган аялдар 12%ы түзөөрүн, булл көрсөткүч айыл жеринде 14%, алэми 25% аялдар 15жаштан 49 жаш куракта физикалык ар түрдүү сексуалдык зомбулукка кабыларын билдирет. Ошондой эле 7% көрсөткүчтө аялдар кош бойлуу кезинде физикалык зомбулукка тушугаары белгиленген. Ага кошумча, министрликте балдар үчүн ишеним телефону иштейт. Мында өспүрүм курагында никеге мажбурлоо фактысы боюнча кайрылууга болот. Ишеним телефонунда атайын адистер керектүү кеңештерин берет.

Адам жашы жетелекте турмуш курганда социалдык жактан кандай терс жагдайларга туш болот?

Жашы жете элек балдар баш кошу эмне экендигин толук түшүнүүгө жөндөмсүз жана өз жашына байланыштуу никенин кесепеттерин толук түшүнүнө алышпайт, үй-бүлөлүк жана жубайлык милдеттерин толук аткара албайт деп эсептелет. Дүйнө жүзүндө жашы жете элек курактагы никелер балдардын укуктарын орой бузгандык деп санашат. Турмушка чыккан кыздар мектепте барганды токтотушат. Көп учурда окуусун уланта алышпайт.Алар билим албай жана адистике ээ болбосо, эң аз акы төлөнүүчү жумуштарда иштешет, натыйжада төмөн пенсия алышат.бул болсо жашы жете элек жубайлардын көпчүлүгү жакырчылыкта жашоосун шарттайт, анткени жакшы жашоо үчүн өздөрү иштеп табуу мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болот. Жашы жете элек жубай-кызбул мүмкүнчүлүктөрү эч качан ишке ашпай турган бала.

## Ден соолук жабыркайт

Эрте турмушка чыгуу же эрте куракта турмуш курган жигиттин физалогиялык саламаттыгына терс таасир берээрин айтат. Анткени, кыз же жигит болобу эрте куракта никеге туру ден солукка залалын тийгизерин, ага кошумча психологиялык тараптан да соккуга кабыларын белгилешет . «Медицинада эрте нике туруп, бала төрөө эне баланын саламаттыгы үчүн кооптуу. Секелек курагында турмушка чыккан кыз эч нерсеге даяр эмес болот. Анан кантип төрөйт. Организм толук жетилиши керек. Өзү бала болуп, кантип бала бага алат»,- дейт дарыгер.

Жашы жетпеген кыздарды күйөөгө берүү көрүнүшү, анын кесепеттери болгон жаш энелердин төрөт учурундагы өлүмү жана ымыркайлардын өлүмү боюнча Кыргызстан Орто Азия мамлекеттеринин ичинен биринчи орунда турат.Өспүрүм кыздарды эрте турмушка берүүдө жогоруда айтылган өмүрүнө коркунуч туудурган тобокелчиликтен башка да төмөнкүдөй келечегине тийгизген кесепеттери бар:

- секелек кыздарды балалыгынан ажыратат
- укугунун бардык түрлөрү бузулат
- ден-соолугуна да коркунуч туудурат
- билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат
- жаштыгына жана турмуш тажрыйбасы жоктугуна карата ар кандай турмуштагы зомбулукка туш келет
- билими жоктугуна байланыштуу жакшы таба албайт жана жакыр турмушка туш келиши мүмкүн
- бала төрөт курактагы аялдардын саны азайышына алып келет

## Эрте турмуш куруу ажырашууга алып келет

Ажырашуулардын статистикасына кайрылсак, эрте никелер эң аярлуу экендигине күбөө болобуз. Себеби жаштардын материалдык базасы, мамилени өнүктүрүү тажрыйбасы жок. Үй бүлөнү 30 жашка жакын курса туура деп ойлойм. Себеби булл убакытка чейин түгөйлөрдө мамилелердин тажрыйбасы топтолуп, үй-бүлө курууга материалдык жана акыл эс жагынан даяр болушат.

С. Исмаилов атындагы орто мектебинин 7-8- 9-10-11- класстардын кыздарына “Эрте турмуш куру эмнеге алып келет?” деген темада өтүлгөн чогулуштун

Токтому№2

Убагы: 29.01.2021. Большевик айылы

Катышкандар: Соц. педагог Ч. Токтосейитова

ТИУ А. Жээналиева

ИДН А.Шаршенбеков

Катышкан кыздардын саны: 48

Күн тартиби: 1. Эрте турмуш куруунун зыяндуулугу

2.Эрте турмуш куру эмеге алып келет?

УГУЛДУ: Соц педагог Ч. Токтосейитова маалымат берди.

Жаш-курагы толо электердин никеге турушу- бул жок дегенде бири 18 жашка чыга элек эки адамдын баш кошуусу. Эл аралык стандарттарга ылайык, жаш-курагы жете электер толук макулдугун берүүгө жөндөмсүз, жана өз жашына байланыштуу мындай никенин кесепеттерин толук түшүнө алышпайт, үй- бүлөлүк жана жубайлык милдеттерди аткара албайт деп эсептелет. Бүткүл дүйнөдө жашы жете электер менен никеге туруу балдардын укугун бузуучу кемсинтүүчүлүк аракет деп эсептелет. Турмушка чыккан кыздар мектепке барганды токтотуп, көпчүлүгү эч качан окуусун кайра улантпайт. Билим албай, эч адистикке ээ болбой, алар адата эң аз акы төлөнүүчү жумуштарда иштеп, кийин аз пенсия алышат. Бул жашынан эрте турмушка чыккандар жакырчылыкта турмушун бекер өткөрүүгө аргасыз, себеби өз алдынча акча табууга мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болот. Ошентип, жаш- курагы толо электе никеге туру кыздардын билим алуусуна жана өрчүп- өсүшүнө терс таасирин тийгизип, түрдүү зомбулуктардан алардын коргоосуздугун күчөтүүп, өзүлөрүнүн жана балдарынын өмүрүнө жана ден-соолугуна коркунуч жаратат. Жаш курагы жете электе жубай болгон секелек кыз- булл мүмкүнчүлүктөрдү эч качан ишке ашпай турган кичинекей бала.

Кыргыз Республикасында жаш- курагы жете электер менен никеге туру бардык аймактарда, үй- бүлөнүн абалына карабай, бардык улуттук топтордо кездешет. Биздин өлкөдө жашы жете электер менен түзүлгөн никелер зордоп

баш коштуруу, кыз ала качуу жана көп аял алуучулук сыяктуу жаман жосундар менен байланышкан.

Кыздар кеңешинин төрайымы Жолдошбекова Айзирек  Эрте турмуш куруу эмнеге алып келет? деген темада лекция окуду.Анда эрте турмушка чыгуу же эрте куракта турмуш курган жигиттин физалогиялык саламаттыгына терс таасир берээрин айтты. Анткени, кыз же жигит болобу эрте куракта никеге туруу ден соолукка залалын тийгизерин, ага кошумча психолгиялык тараптан да соккуга кабыларын белгилешет.Медицинада эрте никеге туруп, бала төрөө эне баланын саламаттыгы үчүн кооптуу экендигин белгиледи.

Окуучулар менен суроо жооп талкуу болду.ИДН кызматкери кыз ала качуу кылмыш экендиги кыздар өз укуктарын коргош керектигин айтып берди.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап

Токтом кылынат:

1.Кыздар эрте турмуш куруу ден соолукка зыян алып келерин жакшы түшүнүп, өз укуктарын коргош керектигин билиши талап кылынсын.
2. Бул өтүлгөн  чогулуш  өз максатына жетти деп белгиленсин.

Чогулуштун төрайымы: Ч.Токтосейитова

Катчысы: А.Жээналиева

## Кыздардын укугу.

## Зордук – зомбулукка каршы күрөш.

Аялзаты диний милдет-укук жаатында эркектер менен бирдей укуктарга ээ. Аял менен эркектин ортосунда бир катар физиологиялык жана психологиялык айырмачылыктар бар. Аллах Таала эркек менен аялзатын башка-башка өзгөчөлүктөр менен жаратып, алардын коомдогу орундарын өздөрүнө жараша белгилеген. Укук-милдеттер ушул өзгөчөлүктөргө жараша негизделген. Ошону менен бирге эле Аллах Таала эркек менен аялзатына бири-биринин кине окшобогон жөндөмдүүлүктөрдү да ыроологон. Жараткан эркекке күч-кубат, кыйынчылыктарга карата чыдамкайлуулук, оор басырыктуулук, эрктүүлүк сыяктуу, ал эми аялзатына сезимталдык, мээримдүүлүк, ыйбаалуулук, назиктик, сабырдуулук өңдүү өзгөчө асыл сыпаттарды ыроологон. Аялзаты физиологиялык жана психологиялык жактан назик жана алсыз болгону менен сезимталдык жана мээримдүүлүк жактан эркектерге салыштырмалуу алда канча алдыда болушат.

Демек, эркек аялга караганда физиологиялык жактан күчтүү болуп, кыйынчылыктарга чыдамкай, оор басырыктуу болот. Ар бир ишти жакшылап ойлонуп туруп, анан ишке киришет. Мына ошондуктан Исламда үй-бүлөнү эркектердин башкарганы оң деп айтылат. Ал эми аял болсо жумшак, назик, сезимтал келип, эркектин коргоосуна муктаж болот. Кээ бир сапаттары боюнча эркек аялзатынан жогору тургандай эле, аялзатын да эркектен жогору койгон өзгөчөлүктөрү бар. Мисалы, бала кароодогу аялдын мээримдүүлүгү менен сабырдуулугун эркектен табуу кыйын. Мына ошондуктан Ислам дини үй-бүлө маселесинде аялзаты менен эркекке алардын физиологиялык, психологиялык, моралдык жана руханий жөндөмдүүлүктөрүнө жараша жоопкерчилик-милдеттерин бөлүштүргөн. Ислам аял-эркекке өзүнүн колунан келе турган иштерди гана жүктөгөн. Ислам дининде аял укуктарына өзгөчө маани берилген. Ислам аялзатына эч бир дин, эч кандай идеология ыйгарбаган көптөгөн материалдык, моралдык жана башка укуктарды ыйгарган.

## 25-ноябрь - аялдарды зордук-зомбулуктан коргоо күнү



25-ноябрь күнү дүйнө жүзүндө Кыздарга жана аялдарга болгон зордук-зомбулукка каршы күрөшүү күнү. Бул күн 1999-жылдан бери белгиленип келет.






Бул күндүн тарыхына кайрылсак, 1960-жылдын 25-ноябрында (link is external) Мирабалдын саясий активисттери мыкаачылык менен өлтүрүлгөн. Алардын бирден-бир кылмышы - бул өз укуктары үчүн күрөшүү жана Доминикан диктатору Рафаэль Трухильонун (1930-1961) режимин кулатуу болгон.



**Аялдарга болгон зордук-зомбулук - психикалык, физикалык же сексуалдык жактан кысым көрсөтүү менен укугун чектөө болуп саналат. Бул дүйнө жүзүндө кеңири жайылган адам укугун бузуулардын бири.**



**Бүткүл дүйнөлүк Саламаттыкты сактоо уюмунун статистикасы боюнча дүйнөдөгү аялдардын 35%ы зордук-зомбулукка кабылган. Ал эми Европада аялдардын 12-15%ы күн сайын үй-бүлөлүк зомбулукка туш болушат.**

## Эмне үчүн көпчүлүк аялдар зомбулукка кабылганда ал нерсеге көз жумушат?

1.Көпчүлүк учурда аялдар өз укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн билишпейт

2.Экономикалык көйгөйлөр


3.Келечекке болгон коркуу

4.Балдардын келечегине болгон коркунуч



## Зордук-зомбулукка кабылгандар эмне кылуусу керек?

-Азыркы учурда Кыргызстанда,үй-бүлөлүк зордук зомбулукка кабылгандарга көмөк көрсөтүүчү **15** кризистик борбор иштейт. Аталган болрборлордо убактылуу баш паанек жана ар түрдүү жардамдар көрсөтүлөт.Мындан сырткары,ИИМ ге кайрылуу менен өзүңүздүн укугуңузду коргой аласыз.



1993-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы аялдарга карата зомбулукту жоюу боюнча 48/104 (link is external) резолюциясын кабыл алган. Бул токтомдо зордук-зомбулуктун бул түрү аялдарга ар кандай физикалык, сексуалдык же психологиялык зыян келтирүү (ким тарабынан жана кайсы жерде (үйдө же коомдук жайда) болгону маанилүү эмес) болуп эсептелет.





**Буга ылайык, ушул чечимди бекемдөө максатында 1999-жылы Башкы Ассамблея 25-ноябрды "Аялдарга карата зомбулук менен күрөшүүнүн Эл аралык күнү" деп жарыялаган**






# Кыргызстандагы абал:

-Ички Иштер Министирлигинин маалыматына ылайык **2012**-жылы Үй-бүлөлүк зордук зомбулукка кабылган аялдардын саны **2415** болсо, **2016**-жылы бул сан **6966** га жеткен.

-**2018**-жылы үй-бүлөлүк зордук зомбулуктан **4** аял көз жумган,

-**2020**-жылда короновирус пандемиясынан улам көптөгөн аялдар үй бүлөлүк зомбулукка кабылган. Бишкек шаарында эле зомбулук былтыркы жылга салыштырмалуу **62%** га көбөйгөн.Бирок, **86%** аялдар сотко чейин тосмо арыз жазуу менен баш

# Мыйзамда кандай жазылган?



-Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар сотко кайрылуу укугуна ээ (КР Өкмөтүнүн **2017**-жылдагы токтому **30**-берене.)


Сотко кайрылган адам бир же бир нече талаптарды кое алат.Мисалы зомбулук көрсөткөн адамды:

**1)** Бирге жашаган жерден убактылуу чыгарып салуу;

**2)** Ата-энелик укуктарды чектөө;ж.б

Бул талаптар сот тарабынан бир айдан алты айга чейинки мөөнөткө белгиленип жыйынтык чыгарылат.





-Мындан сырткары, үй-бүлөлүк зордук зомбулук жасагандарга айып пул же **40** тан **60** саатка чейинки түзөтүү жумуштарына ,ошондой эле **4** айдан алты **6** айга чейин коомдук жумуштарга тартуу менен жазалар берилет.




**Феминизм (лат. "аял") - бул бардык чөйрөдө аялдардын укуктары эркектер менен бирдей болуусун талап кылган кыймыл. Анын пайда болгонуна бир кылымдан ашык убакыт өттү. Бул багыт алгач Европа өлкөлөрүндө жана Америкада пайда болгон.**

**Феминизм бул аялдар эркектерди башкарат дегендик эмес! Ал аялдар үчүн бирдей мүмкүнчүлүк, саясий, экономикалык укуктардын бирдей болушу. Белгилей кетсек, аялдардын укугунун тебеленбөөсүн, зомбулукка кабылбоосун, бактылуу болуусун каалаган феминист эркектер дагы бар.**





Ошондой эле феминизм түшүнүгүн үйдө отурбай иштеп жүрүү деп кабыл алгандар да жок эмес. Негизинен феминизм аялдын каалаганын кылуусуна укук берүүсү. Көптөгөн кылымдар бою коом аялдын башкы милдети күйөөгө тийүү жана балалуу болуу деп келген. Бирок аялдардын бала тарбиялоо менен биргеликте ой жүгүртүп, чыгарма жазып, мамлекетти ийгиликтүү башкарып, илимий ачылыштарды жасай алары феминисттик кыймылдардын натыйжасында эске алына баштаган.




Советтер Союзунун орношуна чейин Кыргызстанда феминисттик кыймыл болгон эмес. Бүгүнкү күндөгү кыргыз аялдарынын укуктары Советтер союзу убагында келген. Ошондо аялдар билим алууга, иштөөгө, иштегендиги үчүн акы алууга, шайлоодо добуш берүүгө жана шайланууга, өз тандоосу менен баш кошууга жана ажырашууга мүмкүнчүлүк алышкан.

1. Аскарбекова Асиана. 11-кл.
2. Сабырбекова Адина 10-кл
3. Нурбек. к. Мырзайым 11-кл
4. Кадыркаева Дилнура 11-кл
5. Байыш к. Улутай 11-кл
6. Жолдошбекова Нагима 9-кл
7. Торогелди кызы Азем 9-кл
8. Мукамиллаева Бегаим 9-кл
9. Жумабек кызы Акылай 9-кл
10. Арунова Касиет 9-кл
11. Нурбек кызы Акмалек 9-кл
12. Рахат кызы Нурсез 9-кл
13. Жумакадырова Нурманжан 9-класс Нуркыз
14. Нурланбек кызы Айжан 9-кл
15. Жумабек к. Диана 7-кл
16. Бактыбек кызы Айгерим 7-класс
17. Урматбек к. Айжамал 7-кл
18. Чолпонкул к. Аяна 7-кл.
19. Алиева Нуржери 7-кл
20. Алтбекова Асема 7-кл
21. Таалайбекова Мерлизина 7-кл
22. Карыбекова Акбермет 7-кл
23. Толокбекова Индира 7-кл
24. Жумабекова Асема 7-кл
25. Ж
26 Кеңешбекова Медина 8Б кл
27. Русланова Анжелика 8Б кл
28. Замирбек к. Чынаргул 8Б кл
29. Нааматбекова Назима 8Б кл
30. Арлен к. А. 8Б кл
31. Арзунова Бермет
32 Ибраева Нурзада 10-класс
33. Бакыт кызы Сыйнат 10-кл
34. Токтогулова Айгерим 10-кл
35. Кутманалиева Асел 10-класс
36. Уланбек к Акылай
37. Жээнбекова Айзирек

Кыздар кеңешине катышкан 7-11-класстан кыздары.

Ф.И.О. — класcы.

1. Жумабек к. Мырзайым — 11-класс
2. Токтогулова Айгерим — 10-класс
3. Кылычбек кызы Гулариза — 10-класс
4. Алунова Бермета — 10-класс
5. Сабырбекова Адина — 10-класс
6. Жумабек кызы Акылай. — 9-класс.
7. Мукамалиева Бегай — 9-класс
8. Кенжеакунова Гаттыбубу — 9-класс
9. Кеңешбек кызы Медина — 8б класс
10. Кулучбек кызы Жанайым — 8б класс
11. Замирбек кызы Чынаркул — 8б класс
12. Эрлан к. Айназик — 8 б.
13. Нааматбекова Назима — 8б класс
14. Бактыбек кызы Айгерим. — 8а класс
15. Марс кызы [illegible].
16. Азатбек к. Жазира — 8а класс
17. Мирлан к. Жасмин — 8а класс
18. Болотбек к. Сайкал — 8а класс
19. Акбай к. Айзада — 8а класс
20. Рахат к. Нуркыз — 9-класс
21. Нурбек к. Актилек — 9-класс
22. Жумакадырова Курманжан — 9-класс
23. Кутманалиева Асел — 10-класс
24. Бакыт кызы Сыйнеби — 10-класс
25. Алыбекова Асема — 7-класс
26. Асангазиева Аяна — 7-класс
27. Чыматбек кызы Айжаман — 7-класс
28. Жумабек к. Диана — 7-кл — Диана
29. Бактыбек кызы Айгерим — 7-кл
30. Карыбекова Акбермет — 7-класс
31. Чолпонкул кызы Аяна — 7-класс
32. Толокбекова Индира — 7-класс
33. Таалайбекова Мерадина — 7-кл

82 кыз

С.Исмаилов атындагы орто мектебинин 6-7-8-9-10-11- класстардын кыздарына «Кыздар укугу жана аларга болгон зордук- зомбулук» деген темада өтүлгөн кыздар кеңешинин

Токтому№3

Убагы: Большевик айылы

Катышкандар: Соц педагог Ч.Токтосейитова

ТИУ: А Жээналиева

Катышкандар кыздардын саны: 52

Күн тартиби: 1.Кыздардын укуктары жөнүндө лекция

2.Зордук- зомбулук боюнча маалымат

Угулду: 10- класстын окуучусу Арунова Бермет кыздардын укуктары жөнүндө лекция окуду .Анда аялзаты диний милдет- укук жаатында эркектер менен бирдей укуктарга ээ. 25-ноябрь аялдарды зордук- зомбулуктан коргоо күнү. 25-ноябрь күнү дүйнө жүзүндө кыздарга жана аялдарга болгон зордук-зомбулукка каршы күрөшүү күнү. Бул күн 1999-жылдан бери белгиленип келет. Аядарга болгон зордук-зомбулук психхикалык,физикалык же сексуалдык жактан кысым көрсөтүү менен укугун чектөө болуп саналат.Бул дүйнө жүзүндө кеңири жайылган адам укугун бузуулардын бири.Бүткүл дүйнөлүк Саламаттыкты сактоо уюмунун статистикасы боюнча дүйнөдөгү аялдардын 35% зордук- зомбулукка кабылган.

Соц педагог: Азыркы мезгилде зордук- зомбулукка кыздар көп кабылып жатышат. Алдар өз укуктарын коргой алышпайт.Эрте турмушка чыгуудан да кыздар көп запкы көрүшөт.Эрте турмуш курсаңар ден соолугуңардан ажырайсыңар, жогорку билимге ээ боло албай айлык маянасы аз жумуштарда иштейсиер,күйөөгө мамиле кылганды билбей зомбулукка туш болосуңар силер али бала бойдонсуңар, балалыгыңарды бактылуу өткөзүп,окуп билим алышыңар керек.Зордук –зомбулуктун түрлөрү жөнүндө да маалымат берилди.

Окуучулар менен суроо жооп талкуу жүргүзүлдү.Кыдар өз укуктарын коргой билүү керектиги түшүндүрүлдү.

Жорудагыларды угуп,талкуулап токтом кылынат:

1.Кыздар өз укуктарын коргой билип,эрте турмушка чыкпашы керектиги милдеттендирилсин.

2.Зордук- зомбулук боюнча маалыматтыкыдарга дайыма түшүндүрүү иштери жүргүзүү, алдын алуу  мектеп админицтрациясына милдеттендирилсин.

Чогулуштун төрайымы: Ч.Токтосейитова

Катчысы: А.Жээналиева

**Бекитемин**

**Мектеп директору:** **Э.Кадыркулов**

16.10.20.

**С. Исмаилов атындагы орто мектебинин 2020-2021- окуу жылында ВИЧ/СПИД оорусунун алдын алуу боюнча аткарылуучу иштер**

| № | **Аткарылуучу иш чара** | **Мөөнөтү** | **Жооптуу** |
|---|---|---|---|
| 1. | Иш чаралардын планын бекитүү | октябрь | ТИУ,соц. педагог |
| 2. | “СПИД- кылым коркунучу” деген темада 8-9-10-11- класстардын окуучулары менен онлайын сабак өтүү. | ноябрь | ТИУ, соц. педагог |
| 3 | 7-8-9-10-11- класстардын окуучуларына жат жазуу жаздыруу | ноябрь | Кыргыз тилчи мугалимдер, класс жетекчилер |
| 4 | 10-7-8- класстардын окуучуларынан онлайын тест алуу | ноябрь | ТИУ |
| 5 | “СПИД- өмүрдүн душманы”, “СПИД- кылым коркунучу”, «СПИД жөнүндө маалымат» деген аталыштагы тарбиялык сааттарды онлайын өтүү. | Ноябрь- декабрь | ТИУ,соц. педагог,класс жетекчилер |
| 6. | Ар бир класс кабинеттерде ден соолук бурчтарын уюштуруу | декабрь | Класс жетекчилер |

Соц.педагог: Ч.Токтосейитова

**С. Исмаилов атындагы орто мектебинин 2020-2021- окуу жылында 1- декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күнүнө карата өтүлгөн сабактын**

## Токтому №1

Убагы:

Катышкандар: ФАПтын кызматкери: Д.Алыкеева

Мектептин соц. педагогу: Ч. Токтосейитова

Ден соолук комитетинин торайымы: Курманбаева Жумакул

Клуб кызматкери: Шахматова Гүлзат

11- класстын класс жетекчиси: Бостонкулова Венера

11- класстардын окуучулары

Угулду:11- класстын класс жетекчиси Бостонкулова Венеранын сөзү: - Саламатсынарбы кымбаттуу окуучулар биз, былтыркы окуу жылынан бери аралыкта окуп, дуйнолук пандемияга байланыштуу силер менен бугун жолугушуп жатабыз . Өзүнөр билгендей жакында буткул дуйнолук СПИД оорусуна каршы күн. Бул оору боюнча маалыматынар бар. СПИД оорусу 21- кылымдын чумасы деп бекер айтылбаса керек. Азыркы учурда бул оору абдан куч алып жатат.Жаштар олконун келечеги ошндуктан силер бул ооруунун сактануу жолдорун билишинер керек.

Соц. педагог Ч. Токтосейитованын сөзү:- Бүгүн биз, силер менен бүгүнкү күндө эң көйгөйдү жаратып келген, СПИД оорусу жөнүндө маек курабыз .1- декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күн экенин билебиз. Буга чейин бул оору боюнча маалыматыңар бар .Ноябрь айында жат жазуу, дил баян жаздырылган.Класстык сааттарды өтүп келесиңер, ар бир класста ден соолук бурчтары уюштурулган. СПИД – бул айыккыс дарт. Батыштагы бай өлкөлөрдө ооруну басаңдуучу дарылар бар. Ал дарылар өтө кымбат. Кыргызстанда бир оорулууну бир жыл бою дарылоого 10 миңден 20 миң долларга чейин керек болот. Кыргызстандын тургундары мындай чыгымды жумшай албайт.Ошондуктан, бул оору тез көбөйүп жатат. СПИД оорусу жөнүндө кененирээк биздин ФАПтын кызматкери Дамира Аликеева түшүндүрүп берсин.

- Саламатсыңарбы , өзүңөр билгендей СПИД- эң коркунучтуу оору. Бул сөз кандай чечмеленет.СПИД- пайда болгон иммундук дифицитинин синдрому.

Синдром- оорунун белгилеринин жыйындысы

Пайда болгон- бул ооруну жашоонун бир мезгилинде жугузуп алуу болоорун түшүндүрөт.

Иммундук дефицити- иммунитеттин жетишсиздиги. Биздин организимде оору чакыруучу микробдордон атайын коргонуучу системасы бар. Эгерде ал начар же таптакыр иштебей калса, организм ар кайсы оорулардын микробдоруна гана эмес, адамга эч маселе алып келбей турган, жөнөкөй коркунучсуз микробдордон да коргоно албай калат.

оорушу мүмкүн.СПИДге каршы вакцинанын жоктугуна байланыштуу эмдөө жасоого болбойт.Эми силерге суроо узатсам.

СПИД кандай жолдор аркылуу жугат, кандай жолдордон жукпайт.

11- класстын окуучусу Руслан уулу Самат жооп берди: - Учурашканда, кучакташканда, чогуу тамактанганда, буюмун колдонгондо жукпайт.

- Кошумча курт- кумурскадан, чүчкүргөндө, сууга тушкөндө, аба аркылуу жукпайт.

- Жугуунун кандай жолдору бар.

11- класстын окуучусу Советбек кызы Нуржан жооп берди: -Жугуунун үч жолу бар: 1.Кан аркылуу. 2. Энеден балага. 3. Жыныстык жол аркылуу.

- Туура, Көбүнчө баңги зат колдонгон адамдар жуктуруп алат. Башаламан жыныстык катнаштан, жерде жаткан шприцтерди кармоодон,бирөөнүн устарасын колдонуудан сактануу керек. Сактансаң сактаймын деген.Кыздар көбүнчө, азыр мода болуп кетти каш, көз, оозду чектирип, тотуаш жасаткан учурда ийнелер жаңы ачылып жатабы, сөзсүз, карап туруу керек.Жыныстык катнашка сөзсүз презервативди колдонуу туура.

СПИД менен ооруган кишиден элдер качышы мүмкүн эгер ал билинип калса, бирок, азыр бардыгы жашыруун, силер эмне кылат элеңер

Жолдошбекова Айзирек : - Мындай адамдардан качуунун кажети жок. Аларда жашоого укуктуу,балким ал байкоосуздан жуктуруп алгандыр.

Ден соолук комитетинин торайымы Курманбаева Жумакүлдүн сөзү:- СПИД менен ооруган адамдардан эч качан качпаш керек, тескерисинче, жардам бергиле, мисалы авариядан адамдан көп кан кетип калды дейли, шашылыш кан куюш керек болду , жакындарынан бирөөнүн канын куюшту, ал өзүндө вирус бар экенин билчү эмес.Ошентип бейкүнөө ооруну жуктуруп алды.

Клуб кызматкери Шахматова Гүлзаттын сөзү:- Бул вирус өзүн көрсөтпөй көп жылдар организде жашашы мүмкүн. Жугузуп алган адамдын ичи өтүшү мүмкүн, лимфа түйүндөрү чоңоет. Бул белгилерге көңүл бурушпайт, алар өтүп кетет, ал эми оору калат. СПИД менен ооруган адам өмүр бою дарыга көз каранды. Жарды мамлекет катары бизге дарылар бекер келет, чет малекетте бул дарылар аябай кымбат.Ошондуктан, бул оорудан сактаналы, балдар.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап,

Токтом кылынат:

Сабак окуучулар үчүн пайдалуу жана кызыктуу болду деп белгиленсин.

Мектеп директору: Э. Кадыркулов

Соц. педагог: Ч. Токтосейитова

Бекитемин

Мектеп директору: Э.Кадыркулов

5.09.2020ж

**2020-2021-окуу жылында С. Исмаилов орто мектебинин соц. педагогунун укук бузуучулук жана кылмыштуулукту,суицидди алдын алуу боюнча иш планы**

| | Иштин мазмуну | мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Тартип бузган окуучулардын социалдык абалы менен таанышуу | сентябрь | Админ.соц. педагог |
| 2 | Көйгөйү бар окуучулар менен иш алып баруу | дайыма | ӨИБИ ,ТИУ, соц педагог |
| 3 | Кылмыш жоопкерчилиги боюнча кодекс менен окуучуларга тааныштыруу онлайн түрүндө | ноябрь | ӨИБИ,ТИУ,соц педагог |
| 4 | ВИЧСПИД-келечекке коркунучтуу оору видео сабак | декабрь | ӨИБИ,ТИУ,соц педагог |
| 5 | Кароосуз калган балдарды мектепке тартуу | Жыл ичинде | ӨИБИ,ТИУ,соц педагог |
| 6 | ӨИБИ менен бирдикте рейд жүргүзүү, окуучуларга психологиялык байкоо жүргүзүү | Ай сайын | ӨИБИ,ТИУ,соц педагог |
| 7 | Укук бузуу жана кылмыштуулук, өз жанын кыюу боюнча лекция өтүү | февраль | ӨИБИ,ТИУ,соц педагог |
| 8 | Эрте никеге туруунун зыяндуулугу жөнүндө лекция | март | Соц педагог |
| 9 | Тамеки чегүү,насвай,спирт ичимдиктери ден соолукка зыяндуулугу боюнча лекция | апрель | Соц педагог,ТИУ |
| 10 | Мүнөзү оор балдар менен аңгемелешүү | ай сайын | Соц педагог |
| 11 | Окуучуларга кесиптик багыт берүү | май | Соц педагог |

Соц педагог: Ч. Токтосейитова

С. Исмаилов атындагы орто мектебинин 9-10-11- класстардын окуучуларына "Кыз ала качуу кылмыш" деген темада онлайн өтүлгөн чогулуштун

Токтому

Убагы: 16.10.2020. Большевик айылы

Катышкандар: Соц. педагог Ч. Токтосейитова

ТИУ А. Жээналиева

ИДН А.Шаршенбеков

Катышкан окуучунун саны: 47

Күн тартиби: 1. Эрте турмуш куруунун зыяндуулугу

2.Кыз ала качуу- кылмыш

УГУЛДУ: Соц педагог Ч. Токтосейитова маалымат берди.

Жаш-курагы толо электердин никеге турушу- бул жок дегенде бири 18 жашка чыга элек эки адамдын баш кошуусу. Эл аралык стандарттарга ылайык, жаш-курагы жете электер толук макулдугун берүүгө жөндөмсүз, жана өз жашына байланыштуу мындай никенин кесепеттерин толук түшүнө алышпайт, үй- бүлөлүк жана жубайлык милдеттерди аткара албайт деп эсептелет. Бүткүл дүйнөдө жашы жете электер менен никеге туруу балдардын укугун бузуучу кемсинтүүчүлүк аракет деп эсептелет. Турмушка чыккан кыздар мектепке барганды токтотуп, көпчүлүгү эч качан окуусун кайра улантпайт. Билим албай, эч адистикке ээ болбой, алар адата эң аз акы төлөнүүчү жумуштарда иштеп, кийин аз пенсия алышат. Бул жашынан эрте турмушка чыккандар жакырчылыкта турмушун бекер өткөрүүгө аргасыз, себеби өз алдынча акча табууга мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болот. Ошентип, жаш- курагы толо электе никеге туру кыздардын билим алуусуна жана өрчүп- өсүшүнө терс таасирин тийгизип, түрдүү зомбулуктардан алардын коргоосуздугун күчөтүүп, өзүлөрүнүн жана балдарынын өмүрүнө жана ден-соолугуна коркунуч жаратат. Жаш курагы жете электе жубай болгон секелек кыз- булл мүмкүнчүлүктөрдү эч качан ишке ашпай турган кичинекей бала.

Кыргыз Республикасында жаш- курагы жете электер менен никеге туру бардык аймактарда, үй- бүлөнүн абалына карабай, бардык улуттук топтордо кездешет. Биздин өлкөдө жашы жете электер менен түзүлгөн никелер зордоп баш коштуруу, кыз ала качуу жана көп аял алуучулук сыяктуу жаман жосундар менен байланышкан.

Кыз ала качуу боюнча видео көрсөтүлдү. Окуучулар менен суроолор берилип, талкуу жүргүзүлдү. ИДН кызматкери кылмыштуулук жана укук боюнча кеңири маалымат берди.

Жогоруларды угуп, талкуулап жыйын

Токтом кылат:

1.Окуучулар кылмыш деген эмне экендигин кыз ала качуу да кылмышка жатаарын жакшы түшүнүштү белгиленсин.

2.Маалыматтар окуучулар үчүн дайыма жүргүзүп туруу керектиги баса белгиленип, терек стол, лекция, класстан тышкаркы иш чараларды өткөрүү мектеп администрациясына жүктөлсүн.

Чогулуштун төрайымы: Ч.Токтосейитова

Катчысы: А.Жээналиева

# Зордук зомбулуксуз мектеп

1. Үйдө балаңыз же кызыңыз туура эмес иштерди жазаса кантип тарбиялайсыз?

Туура тарбия берүүгө аракет кылабыз.

2. Зордук зомбулук дегенге кандай түшүнөсүз?

Бири-бирине рекетчилик дегенди түшүндүрөт

3. Зомбулук бул мектептин проблемасы деп ойлойсузбу?

Окууну бүткөн бош балдордуку деп. ойлойм.

4. Мугалимдер арасыда балаңызга же кызыңызга жаман мамиле жасап зомбулук көрсөтүп мазактоо учурлары болду беле?

мугалимдердин баары жакшы. мазактоо деген жок

5. Мазактоочулук окуучулар арасында көбөйдү деп ойлойсузбу?

жок.

6. Сиздин оюңуз боюнча окуучулар арасында рэкетчилик өзүнүн жанын өзү кыюуга эмне себеп болууда?

жаман сөз сүйлөгөнүндө деп ойлойм

7. Мындай көрүнүштөрдү кантип алдын алса болот деп ойлойсуз?

Тартиптүүлүккө чакырса деп ойлойм.

**Зордук зомбулуксуз мектеп**

1. Үйдө балаңыз же кызыңыз туура эмес иштерди жазаса кантип тарбиялайсыз?

   Кызыма акырын айтып түшүн-дүрөм.

2. Зордук зомбулук дегенге кандай түшүнөсүз?

   Үйдө тынчтык болбосо, урушса ата-эне баласын көп тилдесе, окуучулар арасында бири-бирин басынт-са.

3. Зомбулук бул мектептин проблемасы деп ойлойсузбу?

   Зомбулук мектептин проблемасы деп ойлобойм.

4. Мугалимдер арасыда балаңызга же кызыңызга жаман мамиле жасап зомбулук көрсөтүп мазактоо учурлары болду беле?

   Жок зомбулук көрсөткөн учур-лар болгон эмес.

5. Мазактоочулук окуучулар арасында көбөйдү деп ойлойсузбу?

   Мазактоочулукту байкаган жокмун.

6. Сиздин оюңуз боюнча окуучулар арасында рэкетчилик өзүнүн жанын өзү кыюууга эмне себеп болууда?

   Балдар бири-бирине салып салууд-дан чыгып атат деп ойлойм.

7. Мындай көрүнүштөрдү кантип алдын алса болот деп ойлойсуз?

   Балдар менен көп маамиледе болуу.

Мапарова Нурман.

8.

**Зордук зомбулуксуз мектеп**

1. Үйдө балаңыз же кызыңыз туура эмес иштерди жазаса кантип тарбиялайсыз?

Туура эмес деле иштер боло элек үйдөгү көзүмдүн кучугунда кароп турабыз

2. Зордук зомбулук дегенге кандай түшүнөсүз?

зордук зомбулук уруп-согуу, өлүмгө толоп кылуу.

3. Зомбулук бул мектептин проблемасы деп ойлойсузбу?

зомбулук бул бардык жерде болот.

4. Мугалимдер арасыда балаңызга же кызыңызга жаман мамиле жасап зомбулук көрсөтүп мазактоо учурлары болду беле?

жок.

5. Мазактоочулук окуучулар арасында көбөйдү деп ойлойсузбу?

бар болушу мүмкүн. бирок биздин 8-класста жок элениз

6. Сиздин оюңуз боюнча окуучулар арасында рэкетчилик өзүнүн жанын өзү кыюууга эмне себеп болууда?

рэкетчиликке тийүү согуу көп эле жерде чара көрүлүп келатат. өлүмгө толоп кылышат себепсиз, бере албай калса жанын кыюуга барат

7. Мындай көрүнүштөрдү кантип алдын алса болот деп ойлойсуз?

Бул боюнча чаралар көп көрүлүп жатат. Ата-энелер, мугалимдер, арасында иш-чара көп, бет-бет болуп туура тоголобуз деп ойлойм. Өз басында, бул эми толуктук. класстык кечеде жок эми. бара-бара көрүнүштөр мм жоголушу мүмкүн.

Курманова. Исламидин.

## Зордук зомбулуксуз мектеп

1. Үйдө балаңыз же кызыңыз туура эмес иштерди жазаса кантип тарбиялайсыз?

Ата эне ортого алып туура иш кылгандагы балдарды, жана туура эмес кылгандагы балдарды түшүндүрүп, эмнеге мындай кылбашы керек, кылып, козголбой кылып турабыз.

2. Зордук зомбулук дегенге кандай түшүнөсүз?

Зордук зомбулук ата энелер, окуучулар ортосунда жана мугалимдерден көрсөтүлгөн зомбулук болот.

3. Зомбулук бул мектептин проблемасы деп ойлойсузбу?

Зомбулук ата энелер дагы мугалимдердин да дагы эле коомчулуктун проблемасы деп эсептейбиз.

4. Мугалимдер арасыда балаңызга же кызыңызга жаман мамиле жасап зомбулук көрсөтүп мазактоо учурлары болду беле?

Жогоруда айтылган нерселерге кабылга элекпиз.

5. Мазактоочулук окуучулар арасында көбөйдү деп ойлойсузбу?

Ооба, Азыркы кийинки кездерде Билимдин көтөрүлүүдө, окуучулар бири бири мазактоо көрүнүштөр жок эмес.

6. Сиздин оюңуз боюнча окуучулар арасында рэкетчилик өзүнүн жанын өзү кыюууга эмне себеп болууда?

Балдардын интернетке кирүүсү, оюндар же өзүнө көңүл бурулбай деп эсептөөдөн кийин чыгышы мүмкүн.

7. Мындай көрүнүштөрдү кантип алдын алса болот деп ойлойсуз?

Бул көрүнүштөрдү ата эне менен мугалимдер биргеликте иш алып барыш керек.

Бекитемин

Мектеп директору : Э. Кадыркулов

5.08.2020-ж

2020-2021- окуу жылына карата үй-бүлө жана гендердик зомбулуктун алдын алуу жана чаракөрүү боюнча С.Исмаилов атындагы орто мектебинин соц педагогунун планы

| | Иштин мазмуну | мөөнөтү | жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Үй- бүлөдөгү зомбулуктан балдарды социалдык укуктук жактан коргоо маселери жана гендердик теңчилик боюнча классжетекчилер маалыматтык кеңешмелерди,онлайын сабак,вебинарларды ,семинарларды өткөрүү | Жыл ичинде | Админ. Соц. Педагог. |
| 2 | Мектепте психологиялык кызматты активдештирүү.Ишеним кутучасынның ишин күчөтүү | Жыл бою | ТИУ,соц. Пед. |
| 3 | Жайсыз үй- бүлөлөржөнүндө маалыматтар банкын жаңылоо | 15.09.19 | Админ. |
| 4 | Калктын социалдык жактан каралбаган катмарларынан чыкканүй-бүлөлөргөжекече психолгиялык жана башка жардамды көрсөтүү3- декабрь Майыптар күнү | дайыма | Соц педагог |
| 5 | Өспүрүмдөр арасындагы суицид,кылмыштуулуктун алдын-алуу боюнча онлайын сабак лекцияларды,семинарларды, дебаттардыөткөрүү | Жыл ичинде | Класс жетекчилер укук министри |
| 6 | Зомбулуктун түрлөрү жөнүндөонлайын сабак өтүү | ноябрь | Соц пед. |
| 7 | Үй- бүлөдөгү зомбулуктан укукту коргоо жөнүндө КРнын мыйзамы тууралуужана баланын инсандыгын түзүүгө жана үй-бүлөгө таасирлерижөнүндө ата-энелерге онлайын чогулуш өткөрүү | сентябрь | Соц.пед. |
| 8 | Балдардын ден соолугун профилактикалоо, чыңдоого багытталган программаларды ишке ашыруу. Ысык тамактын берилишине көзөмөл жүргүзүү. | дайыма | Соц. Пед. |
| 9 | Саламаттык сактоо боюнча тиешелүү улуттук долбоорлордун алкагынында мугалимдер менен мектеп кызматкерлеринин медициналык кароосун уюштуруу | сентябрь | Админ.ФАП |
| 10 | Үй- бүлөдөгү жагымдуу микроклиматтык атмосфераны чыңдообоюнча мектептин педагогикалык коллективинин ата-энелер комитетинин биргелешкен иш чараларын өткөрүү | Сетябрь- март | Админ.ата-энелер комитети. |

Талкуута берилүүчү суроолор ирети менен берилди. Биринчи суроого 11- класстын окуучусу советбек уулу Бекжан жооп берди. Соц педагог тарабынан толукталды. Залдагы окуучулардан жардамга Жыргалбек кызы Бегай кошумчалап, туура пикир бере алды.Экинчи суроого Советбек уулуБекжан жооп берди.Өз оюн кенен жеткиликтүү бере алды.
Үчүнчү суроого Торогелди кызыАзим өз оюн балдарга таасирдүү түшүндүрдү.Залдан ЖолдошбековаАйзирек кошумча оюн жеткиликтүү бере алды. Төртүнчү суроого 10- класстын окуучусу Советбек уулу Бекжан жооп берди. - Менин оюмча мигрант эмес үй- бүлөдөгү балдар, кээде ата- энеси бар толук үй- бүлөдөгүлөрдөн деле зордук-зомбулукка туш болгонун көрүп жатабыз эми көбүнчө мигрант балдар туш болот, анткени ата- энеси алыста бала сагынат, куса болот, ага бардыгы жетиштүү болсо деле мээрим жетишпейт.

Бул суроо боюнча талкуу абдан кызыктуу болду. Кыздар өзгөчө өз ойлорун кенен беришти. Азыркы учурда беш кол бирдей эмес, кээ бир ата- энелер кыздарын окуусун бүтө электе кудалап, кыздарын эрте турмушка берүүдө.Кыздарөз каалаганына эмес аны таанибаган бирөөгө зордоп берип коюп жатканын көрүүдөбүз дешти.Бул кыздын келечегине балта чабат.
Алтынчы суроого эркек окуучулар өз ойлорун берди.11- класстын окуучусу Руслан уулу Самат эгер менин досум бир кызды жакшы көрүп калып ала кача турган болсо мен кошо ала качышмакмын деген оюна залдагы окуучулар каршы пикирлерин билдирди. Жашы жетелектерди ала качса закон алдында жооп бересиң,кыздын макулдугу менен жашы жеткен гана ыздарга турмуш куруу керектиги айтылып Саматтын оюу четке кагылды.

Эрте турмушка чыккан кыздар көп өтпөй эне болот, баласын толук кандуу багып тарбия бере алабы, күйөөсүнө мамиле кылганды билеби, үйдүн түшүгү,кайнене, кайнатага болгон мамиле ж. б. толуп жаткан көйгөйлөрдү жеңиш керек, ушул нерселер кыздарүчүн оор боло турганын талкуулашты. Акырында тегерек столдо отурган окуучуларга тестик суроолор берилди. Бул суроолорго туура жооп беришти. Алып баруучу Алиеванын сөзү: - Бүгүнкү тегерек столго катышып өз ойлоруңарды билдирип, зордук- зомбулук жөнүндө кеңери түшүнүк алып, активдүү катышканыңарга чоң рахмат.

Жогорудагыларды угуп, талкуу кылып, жыйын

Токтом кылат:

**С. Исмаилов атындагы орто мектебинин 2020-2021- окуу жылынын декабрь айында 9-11- класстар арасында «Биз зордук- зомбулукка каршыбыз» деген темада өтүлгөн тегерек столдун**

**Токтому**

Убагы: 11.12.20

Катышкандар: Соц педагог Ч. Токтосейитова

ТИУ: А.Жээналиева

Класс жетекчилер 1. М.Мамыралиева

2. В. Бостонкулова

9- 11- класстардын окуучулары

Тегерек столдо талкууга коюлуучу суроолор:

1. Зордук- зомбулук деген эмне?
2. Зордук- зомбулуктун түрлөрү кандай?
3. Үй- бүлөлүк зордук-зомбулук деген эмне?
4. Зордук- зомбулукка мигранттын балдары гана туш болот дегенге силердин оюңар кандай?
5. Кыздардын укугу азыркы учурда корголуудабы?Кыз ала качуу салтпы же кылмышпы?
6. Эрте турмуш куруунун терс жактар кайсылар?

Угулду: Соц педагогдун сөзү: - Окуучулар буга чейин зордук-зомбулук жөнүндө айтып түшүндүрүп бергем.Анын түрлөрү кайсылар экенин жакшы билесиңер. Бүгүн биз зомбулук анын түрлөрү, үй-бүлөлүк зомбулук жана кыздардын укугу тууралуу сүйлөшөбүз. Азыр тегерек столго окуучуларды ортого чакырып алалы.11- класстан Базарбай кызы Милана, Советбек уулу Бекжан, Руслан уулу Самат, Алыпбек уулу Бекзат,Советбек кызы Нуржан9- класстан Жыргалбек кызы Бегай,Мирлан уулуКененбай,Жлдошбекова Нагима бүгүнкү талкууга активдүү катышат деген ишеничтебиз. Анда эмесе талкууну 9- класстын окуучусу Кенжакунова Таттыбубу алып барат.

Алгач үй-бүлөлүк зордук- зомбулук боюнча чыгарылган стенддеги сүрөттөр боюнча түшүндүрүп өттү.

Слайд көрсөтүлүп, мыйзамдар менен тааныштырылды.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап отурум

Токтом кылат:

1.Ар бир класстын окуучуларынын үй- бүлөлүк зордук- зомбулуктан корголуш керектигин алдын- алуу иштерин жүргүзүү класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

2Ата- энелерге окуучунун окуткан мугалимдери менен жана теңтуштары менен сый мамиледе болуу керектиги, алардын адеп- ахлагы, жүрүш- туруштары боюнча толук маалыматта болуп, бардык нерсеге түшүнүү менен мамиле кылуу керектиги жөнүндө үйдөн көбүрөөк насаат айтуусу милдеттендирилсин.

3.Ата- энелерге өзүм билемдик кылып, мугалимдер жана тартип бузган же зомбулук жасоого шектүү деп эсептелген окуучу менен териштирүү иштерин жүргүзүүгө тыюу салына тургандыгын билүү керектиги жана зомбулук фактылары билинсе,укук коргоо органдарына же мектепке сөзсүз билдириши милдеттендирилсин.

4. Жашы жете элек балдарга үйдөн ата- эне же жакын туугандары тарабынан зордук- зомбулук көрсөтсө, мыйзам алдында жооп бере тургандыгы жана ага жол бербөө иши милдеттендирилсин.

Чогулуштун төрайымы: Ч.Токтосейитова

Катчысы: А.Жээналиева

**С.Исмаилов атындагы орто мектебинин ата-энелерине Үй- бүлөдөгү зомбулуктан укукту коргоо жөнүндө КРнын мыйзамдары жөнүндө маалымат берүү боюнча онлайн түрүндө өтүлгөн чогулуштун**

Убагы:16.09.2020. Большевик айылы

**Токтому№1**

Төрагысы: Ч.Токтосейитова

Катчысы: А.Жээналиева

Катышкандар: Класс жетекчилер

8-11- класстын ата- энелери катышты 86 ата- эне

Күн тартибинде каралуучу маселе: Үй- бүлөдөгү зомбулуктан укукту коргоо жөнүндө КРнын мыйзамдары менен тааныштыруу.

Угулду: Тарбия иштерин уюштуруучу Жээналиева Асылдын сөзү: -Урматтуу ата- энелер кутман күнүңөр менен. Бүгүн биз үй- бүлөдөгүзомбулукту алдын алуу боюнча КР нын мыйзамдары менен тааныштырабыз.Бул боюнча ата- энелердин балдарга карата кылып жаткан ырайымсыз мамиле,зордук-зомбулуктан мыйзам алдында кандай жооп бере тургандыгы жөнүндө билесиздер. Ушул боюнча жасалган слайдды соц педагог Ч. Токтосейитова түшүндүрүп берет.

-Саламатсыздарбы урматтуу ата- энелер 2020-2021- жыл өзгөчө жылдардан болуп жатат. Дүйнө жүзүн каптап келген Коронвирус илдетинин айынан биз, быйыл онлайн түрүндө үйдөн окуп жатабыз. Сиздер менен телефондон баарлашканга туура келүүдө.Өзүңүздөр жакшы билесиздер азыркы учурда балдарга карата зомбулук абдан күчөп жаткан мезгили .Үйдөн окууда балдар абдан кыйналууда.ата- энелер балдарга көңүл буруп,тапшырмаларын аткартып, балдар менен көбүрөөк болуңуздар. Бир акылман айткан экен баланды үч жашка чейин ханыңдай сыйла,жети жаштан он төрт жашка чейин кулундай жумша андан кийин өзүңө курбу кылып дос болуп сырдаш деген экен.Демек, балдар менен дайым сүйлөшүп, ички дүйнөсүндө эмне болуп жатканын билип, көбүрөөк баарлшып турушубуз керек экен.

Нуржигит Кадырбековдун балдарды тарбиялоодогу ата- эненин ролу жөнүндө видеосу көрсөтүлдү.

кылбаңыз. Андыктан балдарыбызды жакшы жакка туура жолго тарбиялаганга аракет кылалы.

ТИУ А.Жээналиеванын сөзү: Видео сабак ата- энелер үчүн абдан таасирлүү даярдалган. Көп мисалдар келтирилген .Балдарга карата зордук-зомбулукту алдын алуу боюнча жакшы маалымат болду.

Класс жетекчи В.Бостонкулованын сөзү: Соц педагогдун сабагы ата-энелергежеткиликтүү,түшүнүктүү,так даярдалган. Тема боюнча сабактын мазмуну дал келген. Ата- энелер үчүн таасирлүү сабак өтүлдү.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап,

Токтом кылынат:

1. Ата- энелерге балдарга зомбулук кылбай мээрим менен тарбиялоо керектиги белгиленсин.
2. Класс жетекчилер зордук- зомбулукка дайым байкоо жүргүзүү тапшырылсын.
3. Сабак өз максатына жетти деп табылсын.


Тарыхы болбой - эл болбойт, тамыры болбой жер болбойт.
Б И З З О Р Д У К - З О М Б У Л У К К А
К А Р Ш Ы Б Ы З
SHOT ON REDMI NOTE 7
MI DUAL CAMERA


How many languages you know -
that many times you are a person
SHOT ON REDMI NOTE 7
MI DUAL CAMERA


Биздин мектепте зомбулукка жол берилбейт
SHOT ON REDMI NOTE 7
MI DUAL CAMERA


КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ӨНҮГҮҮ ЭТАПТ
SHOT ON REDMI NOTE 7
MI DUAL CAMERA


SHOT ON REDMI NOTE 7
MI DUAL CAMERA


Биздин мектепте зомбулукка жол берилбейт
SHOT ON REDMI NOTE 7
MI DUAL CAMERA


SHOT ON REDMI NOTE 7
MI DUAL CAMERA